**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР
МИНИСТРЛИГИ**

**ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ
БОЮНЧА АГЕНТТИГИ
(КЫРГЫЗГИДРОМЕТ)**

**МИНИСТЕРСТВО
ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**АГЕНТСТВО ПО
ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИИ
(КЫРГЫЗГИДРОМЕТ)**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2017-ж, 8-февраль № 25 **Бишкек шаары**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин Коомдук кабылдамасы жана Ишеним телефону жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана шаарлардын мэрияларынын Коомдук кабылдамалары жөнүндө" токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигин 2015-жылдын 5-мартындагы №177 буйругуна ылайык калкка Кыргыз Республикасынын ӨКМдин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттиги менен өз ара аракеттенүү боюнча кыйла кеңири жана оперативдүү мүмкүнчүлүктөрдү берүү боюнча ишти өркүндөтүү максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1.«Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин «Коомдук кабылдамасы жөнүндө» Жобосу бекитилсин. (Тиркеме 1)

2.Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин Коомдук кабылдамасынын ишмердүүлүгүн жүргүзүү боюнча Коомдук кабылдама боюнча комиссиясы жоoптуу болуп дайындалсын.

3.Директордун жетекчилиги тарабынан жарандарды жеке кабыл алуунун графигин бекитилсин. (Тиркеме 2)

4."Коомдук кабылдаманын" жана «Ишеним телефонунун» телефон номери (0312) 31-46-63 болуп аныкталсын.

5.Комиссия "Коомдук кабылдаманын" жана "Ишеним телефонунун" иштери боюнча телефондук жана башка билдирүүлөргө ыкчам жана өз убагында чара көрүлүп, алардын мазмуну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чара көрүү үчүн Кыргызгидрометтин жетекчилигине жеткиришсин.

6.Кыргызгидрометтин түзүмдүк жана тармактык бөлүмдөрүнүн башчылары:

-"Коомдук кабылдаманын" жайгашкан жери жана "Ишеним телефонуну" номери боюнча маалыматты калкка жеткирүү боюнча иш-чараларды уюштурсун;

З.С.Итибаев

- Кыргызгидрометтин түзүмдүк жана тармактык бөлүмдөрү Коомдук кабылдаманын ишине ар тараптуу көмөк көрсөтүшсүн.

- Түзүмдүк жана тармактык бөлүмдөргө келип түшкөн жарандардын кайрылуулары жөнүндө ар бир айдын 5-числосунан кечиктирбей Кыргызгидрометтин Коомдук кабылдама боюнча комиссиясына маалымдалсын.

7.Кыргызгидрометтин түзүмдүк жана тармактык бөлумдөрүнүн начальниктери "Коомдук кабылдама жөнүндө" Жобого ылайык жеринде жетекчилик тарабынан жума сайын жарандарды жекече кабыл алуунун графигин бекитишсин жана өткөрүлгөн иштер жөнүндө белгиленген тартипте билдирип турушсун.

8.Маркетинг бүлүмүнүн башкы адис, пресс-катчысы (Ж.А.Нааматова) дайыма "Коомдук кабылдаманын", "Ишеним телефонунун" иштери боюнча маалыматтарды Кыргызгидрометтин веб-сайтына жайгаштырып турсун.

9.2016-жылдын 25-мартындагы №34 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин Коомдук кабылдамасы жөнүндө" Жобону бекитүү жөнүндө" буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

10.Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

11.Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**Директор** **З.С.Итибаев**

---

**Таркатылсын:** көктөмөгө, Кыргызгидрометтин түзүмдүк жана тармактык бөлүмдөрүнө.

**Виза койгондор:**
К.Сагынов Н.Жумабаева А.Изабекова

Тиркеме 1

**Кыргызгидрометтин**
**2017-жылдын 8-февралындагы**
**№ 25 буйругу менен бекитилди.**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин Коомдук кабылдамасы жөнүндө ЖОБО**

**1. Жалпы жобо.**
**2. Коомдук кабылдаманын милдеттери.**
**3. Коомдук кабылдаманын иш-милдеттери.**
**4. Коомдук кабылдаманын укуктары.**

## 1. Жалпы жобо

1.1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин Коомдук кабылдамасы (мындан ары – Кыргызгидрометтин коомдук кабылдамасы) калкка Кыргызгидромет менен өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн берүү, Кыргызгидрометтин иш компетенциясына кирген маселелер боюнча жарандардын кайрылууларын жана арыздарын ыкчам чечүү үчүн түзүлгөн.

1.2. Коомдук кабылдама өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Мыйзамды, «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» Мыйзамды, ошондой эле аларга ылайык кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ченемдик укуктук актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.3. Кыргызгидрометтин «Коомдук кабылдамасынын» жана «Ишеним телефонунун» иши коомдук кабылдама комиссиясы тарабынан камсыздалат.

1.4. Коомдук кабылдама юридикалык жак болуп эсептелбейт, мөөрү жана штампы жок.

## 2. Коомдук кабылдаманын милдеттери

Коомдук кабылдамага төмөнкүдөй милдеттер жүктөлгөн:

2.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандарга кеңеш берүү жана маселелерди чечүүдө иш жүзүндө жардам көрсөтүү.

2.2. Жарандардын ой-пикирлерин иликтөө, агенттиктин коомдук кабылдамасына келип түшкөн жарандардын кат жүзүндөгү жана оозеки кайрылууларын кабыл алуу жана эсебин алуу.

2.3. “Коомдук кабылдамага” жарандардын кайрылууларын өз убагында кароону көзөмөлдөөнү камсыздоо, Кыргызгидрометтин “Ишеним телефону” боюнча кайрылууларында баяндалган фактыларды текшерүүнү уюштуруу.

2.4. Жарандарга алардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү.

## 3. Коомдук кабылдаманын иш-милдеттери

3.1. Коомдук кабылдама жүктөлгөн милдеттерине ылайык төмөнкүдөй иш-милдеттерди аткарат:

- жарандарды кабыл алууну мерчемдейт жана уюштурат;

- директордун, анын орун басарларынын жарандарды кабыл алуусун уюштурат;

- келип түшкөн кайрылууларды жана жарандардын арыздарын иштеп чыгууну ишке ашырат жана талдоолорду даярдайт;

- жарандардын кайрылууларын кароонун мөөнөтүн контролдоону ишке ашырат;

- «Коомдук кабылдамага» келип түшкөн жарандардын кайрылууларында келтирилген фактыларды текшерүүнү уюштурат;

- негизделген даттанууларды пайда кылган себептерди четтетүү боюнча Кыргызгидрометтин жетекчилигине жарандардын жалпыланган кайрылууларынын негизинде сунуштарды киргизет;

- жарандарга алардын кайрылуулары боюнча маселелерди чечүүдө кеңеш берет.

## 4. Коомдук кабылдаманын укуктары

4.1. Өзүнүн иш-милдеттерин ишке ашыруу үчүн «Коомдук кабылдама» төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргызгидрометтин жетекчилигинин резолюциясынын негизинде жарандардын каттарын Кыргызгидрометтин тиешелүү түзүмдүк башкармалыктарына, өз алдынча бөлүмдөрүнө жана тармактык бөлүмчөлөрүнө алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча жөнөтүүгө;

- Кыргызгидрометтин тиешелүү түзүмдүк башкармалыктарынан, өз алдынча бөлүмдөрүнөн жана тармактык бөлүмчөлөрүнөн керектүү материалдарды суратууга жана алууга;

- жарандардын кайрылууларында келтирилген фактылар боюнча текшерүүлөрдү уюштурууга катышуу үчүн Кыргызгидрометтин кызматкерлерин тартуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;

- жетекчиликке жарандарды кабыл алуу, карап чыгуу жана Кыргызгидрометтин ишин уюштуруу маселелери боюнча коомдук пикирди иликтөөгө негизделген чараларды көрүү боюнча сунуштарды киргизүүгө.

Тиркеме 2

**Кыргызгидрометтин**
**2017-жылдын 8-февралындагы**
**№ 25 буйругу менен бекитилди.**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин жетекчилиги тарабынан жарандарды кабыл алуунун ГРАФИГИ**

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Кабыл алуу убактысы | Күнү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Итибаев Зарылбек Сагындыкович | Директор | 15-00дөн 17-00гө чейин | шейшемби бейшемби |
| 2 | Асанходжаев Рыскельди Галиевич | Директордун орун басары | 15-00дөн 17-00гө чейин | дүйшөмбү жума |
| 3 | Сагынов Канатбек Чолпонбаевич | Директордун орун басары | 15-00дөн 17-00гө чейин | дүйшөмбү шаршемби |